УДК:894.341

*Абдимажит кызы Динара, Жамгырчиева Г.Т., ф.и.д., проф м.а.*
*Ош мамлекеттик университети*

# Ч.АЙТМАТОВДУН “КАССАНДРА ТАМГАСЫ” РОМАНЫНДА ТАБИЯТТЫ КОРГОО ПРОБЛЕМАСЫНЫН БЕРИЛИШИ

# ПРОБЛЕМА ОХРОНЫ ПРИРОДЫ В РОМАНЕ “ТАВРО КАССАНДРЫ” Ч.АЙТМАТОВА

# THE PROBLEM OF NATURE PROTECTION IN THE NOVEL “BRAND OF THE CASSANDER” by CH. AYTMATOV

***Аннотация:*** *Илимий макаланын максаты жазуучу Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы табиятты коргоо, жан-жаныбарларды сактоо, экология темасынын көркөмдүк өзгөчөлүгүн ачып көрсөтүү жана тийиштүү теориялык жыйынтыктарды чыгаруу болуп саналат.*

*Илимий макаланын практикалык мааниси орто мектептерде кыргыз эл жазуучусу Ч.Айтматовдун чыгармаларынын негизинде табиятты коргоо идеясын түшүндүрүү, ал аркылуу атуулдук милдетти сезүүгө жетишүүгө байланышкан тарбиялык мааниси аныкталат.*

***Аннотация:*** *Основной целью статьи является показ раскрытия темы охраны природы животного и растительного мира в романе Ч.Айтматова “Тавра Кассандры”, определение места и роли человека в жизненной среде.*

*Практическая значимость заключается в восприятии учащимися особенностей проблемы защиты природы в данном романе, в понимании ими значения защиты природы, специфики жизни народа.*

***Abstract:*** *The main purpose of the article is to reveal in the novel “The Brand of Cassandra” Ch. Practical significance lies in the perception of secondary school students of the peculiarities of nature protection in the novel “The Cassandra Brand” by Ch. Aytmatov and his understanding of the specifics of the people’s life.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Ч.Айтматов, мифология, роман жанры, идеялык-мазмундук өзгөчөлүгү, табиятты коргоо, атуулдук милдет, көркөм сөз каражаттары.*

***Ключевые слова:*** *Ч.Айтматов, мифология, жанр романа, идейно-содержательная особенность, защита природы, гражданский долг, художественные средства.*

***Key words:*** *C.Aitmatov, mythology, genre of the novel, ideological and substantive peculiarity, nature protection, civic duty, artistic means.*

Кыргыз эл жазуучусу жана дүйнөлүк адабияттын классиги Ч.Т. Айтматовдун чыгармаларында жаратылышты коргоо темасы ар дайым биринчи орунда экендиги белгилүү. Жазуучу адамдын табиятка мамилеси, пейили оңолгондо жашоодо гармония болору тууралуу дайыма айтып келген, бул киши жаратылышка керектөөчү катары эмес, аны сактоочу, коргоочу, ага жардам берүүчү катарында чыкса гана табият да ага ыраазычылык менен жооп берет дегенди билдирет. Ч. Айтматовдун романдарынын ичинде бул проблеманы козгоодо өзгөчө орунда турган “Кассандра тамгасы” романы экологиялык актуалдуу маселени кенен алкакта алып чыккан.

Адам жаратылыштын бир бөлүгү катары жаралып, табият койнунда анын орду өзгөчө экендиги талашсыз. Бул, албетте, адамзаттын аң-сезимдин жогорку формасына эгедер экендиги менен байланыштуу. Мындай артыкчылык өз кезегинде башка жан-жаныбарларга, өсүмдүктөр дүйнөсүнө, дегеле курчап турган чөйрөгө карата жоопкерчиликти да талап этери белгилүү [3.174].

Азыркы мезгилдеги татаал түйүндүү жалпы адамзаттык маселелерди алып чыгуу менен жарандык милдетти туйдуруп, жаман эмне, жакшы эмне экенин ылгап бөлүүгө үйрөтүп, адал, ак ниеттүү иштерге багыштап, адамдарга карата боорукердик сезимин ойготуп, жан дүйнөсүндө жакындык үрөнүн өндүрүүгө аракеттенген. Жазуучуга дүйнөлүк даңк алып келген чыгармаларында жаңы коомдук система негиздеген улуттук турмуштагы социалдык-психологиялык өзгөрүүлөр, инсандын беделинин, өз кадырын сезүүнүн жаңы тепкичке көтөрүлүшү терең психологизм аркылуу ачылат. Адабий сынчы К.Асаналиев Ч.Айтматовдун чыгармачылык бөтөнчөлүгү жөнүндө пикиринде жалпы көркөм прогресс да,

жазуучунун адабиятта өз дүйнөсүн ачуусу да азыркы адамды ачууга байланыштуу болорун көрсөткөн [2. 123].

Табиятты сактоо маселесинин “Кассандра тамгасы” романында берилишине токтоло турган болсок, байыркы грек мифологиясынан өзөк алган чыгарманын башталышында эле профессор Борк учакта жол жүрүп баратып океандан чыгып жээкке боюн таштап, өздөрүн курман кылган киттерди көрөт, буга эмнелер себеп болгону тууралуу ой жүгүртөт [1]. Андан аркы окуянын жүрүшүндө планетаны коргоо галактикалык алкакта каралып, Жер шарынын амандыгы галактикадагы жашоодо да зор мааниге ээ экендиги тууралуу ойду эске келтирет. Филофейдин катында бул ойго басым жасалганы романдагы табиятты коргоо темасынын ачылышындагы негизги белгиси катары келерин аныктап турат. Ал эми тагдырын алдын ала билген эмбриондордун, адам баласынын түйүлдүгүнүн өз жашоосу жөнүндөгү чечимин энесинин маңдайындагы так аркылуу билдирүүсү футурология илиминдеги алдыда боло турган ачылыштарга байланыштуу болуусу мүмкүн.

Кыргыз элинин тарыхый жана социалдык өнүгүшүндө табиятты коргоонун орду чоң жана ролу өтө жогору болгондугу коомдук пикирде деле, илимий эмгектерде деле баса белгиленип келет. Бул, албетте, биринчи кезекте элибиздин тарыхы, жашоо турмушу менен тыгыз байланышта каралларын билдирет. Кыргыз элинде курчап турган чөйрө түшүнүгү тарыхый жактан маанилүү роль ойногондугун байкоого мүмкүн. Өткөн замандардан баштап жаңы доорго чейинки тарыхты карасак, эл тарыхынын бардык доорлорунда жаратылышты коргоо маселеси азыркы эле эмес, кийинки келечегибиз үчүн да абдан маанилүү маселе экендигин баамдайбыз.

Ошентип илимий, тарыхый жана улуттук мааниге ээ маселелердин бири – табиятты сактоонун адабиятта көркөм типтештирилип чагылышы - айрыкча XX-XXI кылымдардагы профессионал адабиятыбызда Ч.Айтматовдун чыгармачылыгында каралышы деген маселе. Аталган проблема кыргыз турмушу, анын тарыхы, өнүгүү диалектикасы, ага түрткү болгон тарыхый жана социалдык шарттар эбактан бери атайын изилдөөгө муктаж илимий проблемалардын бири экендиги ачык.

Айтматовдук пейзаждардан ошондой эле улуттук колориттин күчтүү деми сезилип, кыргыздык дүйнөкөрүм, дүйнөтааным өзгөчөлүгү көрүнөт. Айтматовдун философиялык, психологиялык көркөм концепциясы - кандай заман, кандай доор болбосун, кандай саясий система өкүм сүрбөсүн, кандай кыйын-кыстоо башка түшпөсүн адам адамдыгын сактап калуусу керек жана адамзат коому дайыма адамдагы адамдык башаттын сакталышы үчүн күйөрман, тилектеш болуп камкордук көрүшү керек экендигин чыгармалары аркылуу эскертип туруу [2.134].

Биз сыймыктанган айтматовдук адабий-эстетиканын негизин ошондой эле ата-бабадан мураска алган табиятты коргоо, ага байланыштуу адамдык башат жөнүндөгү түшүнүктөрдү бөксөртпөй, өз мезгилинин жана коомдун мүчөсү катары келечек мезгилге жана урпактарга татыктуу өткөрүп берүү ыйык милдетине жазуучулук жана атуулдук өз үлүшүн кошуу түшүнүгү түзөт.

Ч. Айтматовдун чыгармачылыгында жаратылышка мамиле темасы коомдогу эволюциялык өнүгүүнүн катарында, андан ажырагыс биримдикте көтөрүлгөн проблемалардын масштабы улам кеңейип, тереңдеп жүрүп олтургандыгын байкоого болот. Ал тереңдөө бир чети жазуучунун турмуштук тажрыйбасы артып, инсан катары, сүрөткер, ойчул-философ, атуул катары дүйнө таанымы байып, татаалданганы, бийиктегени менен түшүндүрүлсө, экинчи чети, жазуучу жашап жаткан, биз жашап жаткан доордун күндөн күнгө татаалданып, экологиялык, саясий, социалдык проблемалардын курчуп, оорлошуп бараткандыгы менен түшүндүрүлөт.

Жыйынтыктап айтканда, изилдөө объектибиз катары алынган Ч.Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романы окурманды ойго салып, табият менен мамилесин кайра карап чыгууга түрткү берүүчү чыгармалардан болуп саналат. Романдагы жаратылышты коргоо идеясы дүйнөлүк коомчулук тарабынан колдоого алынган актуалдуу маселерден.

Жаратылышты багындырууга аракет азыркы учурда аны сактоо, ага кам көрүү менен алмашылууга тийиш экендиги уламдан улам ачык сезилүүдө.

**Адабияттар:**


1. Айтматов Ч.Т. Кассандра тамгасы. Чыгармаларынын жыйнагы. 5-том. - Б., 2018.- 5-б.289
2. Асаналиев К. Чыңгыз Айтматов - дүйнөлүк адабияттын кайталангыс көрүнүшү. / Китепте: Ч. Айтматов. Чыгармалар жыйнагы. 8-том. – Б.: Учкун, 2009.
3. Жамгырчиева Г.Т. Кыргыз эпосторундагы архаикалык мотивдер (“Манас”, “Кожожаш”, “Эр Төштүк” эпостору боюнча). – Ош, 2015.
4. Садыков А. Кыргыз залкарлары. - Б.: Бийиктик, 2012.